**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№1/2026, 203-218

***ПЕДАГОГИКА***

**УДК:** 37.016:811.111(575.2)
**DOI:** 10.52754/16948610_2026_1_14

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЙЫЛ МЕКТЕПТЕРИНДЕ АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИОНАЛДЫК ОКУТУУНУН КОМПОНЕНТИ КАТАРЫНДА КОЛДОНУЛУШУ

ИСПОЛЬЗОВАНИЕ СОЦИАЛЬНО-ЭМОЦИОНАЛЬНОГО ОБУЧЕНИЯ КАК КОМПОНЕНТА ПРЕПОДАВАНИЯ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА В СЕЛЬСКИХ ШКОЛАХ КЫРГЫЗСТАНА

USING SOCIAL AND EMOTIONAL LEARNING (SEL) AS A COMPONENT OF TEACHING ENGLISH IN RURAL SCHOOLS OF KYRGYZSTAN

**Эргешова Гульбарчын Сатимбековна**
*Эргешова Гульбарчын Сатимбековна*
*Gulbarchyn Satimbekovna Ergeshova*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*
gulbarchyn161177@gmail.com

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЙЫЛ МЕКТЕПТЕРИНДЕ АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА СОЦИАЛДЫК-ЭМОЦИОНАЛДЫК ОКУТУУНУН КОМПОНЕНТИ КАТАРЫНДА КОЛДОНУЛУШУ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргызстандын айыл мектептеринде балдарга англис тилин окутуу аркылуу социалдык жана социалдык-эмоционалдык көндүмдөрдү (SEL) үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү каралат. Айылдык мектеп шарттарында SELди калыптандыруу маселеси өтө актуалдуу, анткени аймактардагы окуучулар билим берүү ресурстарынын чектелүүсү, квалификациялуу мугалимдердин жетишсиздиги жана коммуникативдик жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө шарт түзгөн кошумча билим берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу менен туш болуп жатышат. Айыл мектебинде англис тилин үйрөнүү чет тилин өздөштүрүүнүн каражаты гана болбостон, XXI кылымда зарыл болгон универсалдуу социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун натыйжалуу платформасы катары дагы кызмат кылат. Автор коммуникативдик ыкма, ролдук оюндар, долбоордук окутуу жана эмоционалдык сабаттуулук боюнча практикалар кызматташтыкты, боорукерликти, өзүнө болгон ишенимди жана биргелешкен чечим кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүүгө салым кошорун белгилейт. Кыргызстандын айыл мектептериндеги билим берүү процесси социалдык-экономикалык теңсиздик менен татаалдашкандыктан, макалада бул шарттар өзүнчө баса белгиленет. Макалада Access Microscholarship, Teach for Kyrgyzstan жана Peace Corps сыяктуу эл аралык долбоорлордун алкагында ишке ашырылган ийгиликтүү практикалардын мисалдары келтирилет, алар SELди англис тили сабактарына интеграциялоонун эффективдүүлүгүн көрсөтөт. SELди ийгиликтүү киргизүүнүн маанилүү шарты — бул мугалимдерди даярдоо жана колдоо болуп саналат, аларга тренингдер жана менторлук берүү, ошондой эле ата-энелерди жана жергиликтүү жамаатты билим берүү процесстерине тартуу керек. Жыйынтыгында, англис тили аркылуу социалдык-эмоционалдык компетенцияларды калыптандыруу окуунун сапатын гана жогорулатпастан, окуучулардын коомго социалдык жактан ыңгайлашуусуна да өбөлгө түзөөрү белгиленет. Бул келечекте айылдык балдардын потенциалын бекемдөөгө жана заманбап коомго ийгиликтүү интеграцияланышына шарт түзөт.

***Ачкыч сөздөр:*** социалдык-эмоционалдык көндүмдөр, айыл мектеби, Кыргызстан, англис тили, коммуникативдик ыкма, долбоордук окутуу

***Использование социально-эмоционального обучения как компонента преподавания английского языка в сельских школах кыргызстана***

***Using Social And Emotional Learning (Sel) As A Component Of Teaching English In Rural Schools Of Kyrgyzstan***

**Аннотация**
В данной статье рассматриваются особенности обучения социальным и социально-эмоциональным навыкам (SEL) через преподавание английского языка в сельских школах Кыргызстана. Проблема формирования SEL в условиях сельских школ особенно актуальна, поскольку учащиеся в регионах сталкиваются с ограниченными образовательными ресурсами, нехваткой квалифицированных педагогов и отсутствием дополнительных возможностей для развития коммуникативных способностей. Обучение английскому языку в сельской школе рассматривается не только как средство овладения иностранным языком, но и как эффективная платформа для формирования универсальных социальных навыков, необходимых в XXI веке. Автор отмечает, что коммуникативный подход, ролевые игры, проектное обучение и практики эмоциональной грамотности способствуют развитию сотрудничества, эмпатии, уверенности в себе и способности к совместному принятию решений. Учитывая, что образовательный процесс в сельских школах Кыргызстана осложнён социально-экономическим неравенством, эти условия в статье выделяются особо. Приводятся примеры успешных практик, реализованных в рамках международных проектов Access Microscholarship, Teach for Kyrgyzstan и Peace Corps, демонстрирующие эффективность интеграции SEL в уроки английского языка. Важным условием успешного внедрения SEL является подготовка и поддержка учителей посредством тренингов и наставничества, а также вовлечение родителей и местного сообщества в образовательный процесс. В заключение отмечается, что формирование социально-эмоциональных компетенций через изучение английского языка способствует не только повышению качества обучения, но и социальной адаптации учащихся, укрепляя потенциал сельских детей и обеспечивая их успешную интеграцию в современное общество.

***Ключевые слова:*** социально-эмоциональные навыки, сельская школа, Кыргызстан, английский язык, коммуникативный метод, проектное обучение

**Abstract**
This article explores the features of teaching social and emotional skills (SEL) through English language instruction in rural schools of Kyrgyzstan. The issue of developing SEL in rural school settings is highly relevant, as students in remote areas face limited educational resources, a shortage of qualified teachers, and a lack of opportunities to develop communication skills. Learning English in a rural school serves not only as a means of acquiring a foreign language but also as an effective platform for developing universal social skills required in the 21st century. The author emphasizes that communicative approaches, role-playing, project-based learning, and emotional literacy practices contribute to developing cooperation, empathy, self-confidence, and collaborative decision-making. Since the educational process in rural schools is often complicated by socio-economic inequality, these conditions are given special attention. The paper provides examples of successful practices implemented within international projects such as Access Microscholarship, Teach for Kyrgyzstan, and Peace Corps, demonstrating the effectiveness of integrating SEL into English lessons. A key condition for successful SEL implementation is teacher preparation and support through training and mentoring, as well as the involvement of parents and local communities in the educational process. In conclusion, the formation of social and emotional competencies through English learning not only improves the quality of education but also enhances students' social adaptation, empowering rural children and enabling their successful integration into modern society.

***Keywords:*** social and emotional learning, rural school, Kyrgyzstan, English language, communicative approach, project-based learning

**Киришүү**

Заманбап билим берүү шарттарында мектеп окуучуга академиялык билимди гана эмес, коомдо ийгиликтүү аралашып жашоо, эмоцияларын башкаруу жана эффективдүү баарлашуу жөндөмдөрүн калыптандырыш керектиги барган сайын айкыныраак болууда. Кыргызстандын айылдык мектептеринде ресурстардын чектелүүсү жана кадр маселеси кошумча кыйынчылыктарды жаратып жаткан шартта, дал ушул англис тили сабактары социалдык-эмоционалдык компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн уникалдуу аянтча болуп бере алат.

Изилдөөнүн теориялык базасы. Социалдык-эмоционалдык көндүмдөр (Social and Emotional Learning — SEL) — бул окуучуга өзүнүн эмоцияларын түшүнүү жана башкаруу, позитивдүү мамилелерди түзүү, жоопкерчиликтүү чечим кабыл алуу жана көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү мүмкүнчүлүгүн берген көндүмдөрдүн жыйындысы катары аныкталат (CASEL, 2020, 1-12-бб.). Мектепте SELди өнүктүрүү академиялык жетишкендикке, мотивацияга жана социалдык адаптацияга оң таасир тийгизери далилденген )Durlak и др., 2011, 405-432-бб.=. Выготский (1978, 10-165-бб.) жогорку психикалык функциялардын калыптануусунда биргелешкен иш-аракеттин маанилүүлүгүн баса белгилеген, ал эми заманбап изилдөөчүлөр (Johnson D.W. и Johnson R.T., 2009, 405-432-бб.,; Durlak и др., 2011, 365-379-бб.) когнитивдик жана социалдык компетенциялардын калыптануусунда кооперативдик окутуунун ролуна көңүл бурушат.

Изилдөөнүн материалдары жана методдору. Бул изилдөөнүн методологиялык негизин сапаттык (qualitative) жана аралаш түрдөгү (mixed-method) изилдөө ыкмалары түздү. Изилдөөнүн максаты – К ыргызстандын айылдык мектептеринде англис тилин окутууда социалдык-эмоционалдык окутууну (SEL) интеграциялоонун өзгөчөлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана чектөөлөрүн аныктоо болгондуктан, колдонулган методдор комплекстүү, көп булактуу маалымат чогултуу принцибине негизделди.

1. Теориялык-методологиялык талдоо. SEL теориялары, коммуникативдик окутуу методикасы, долбоордук окутуу, эмоционалдык сабаттуулук жана айылдык билим берүүнүн социалдык-педагогикалык шарттары боюнча илимий адабияттар анализденди. CASEL (2020), В. Выготский (1978), Johnson & Johnson (2009), Durlak ж.б. (2011) сыяктуу авторлордун эмгектери талдоонун концептуалдык базасын түздү. Ошондой эле Кыргызстандагы билим берүү стратегиялары, англис тилин окутуу боюнча мамлекеттик стандарттар каралып чыкты.

2.Салыштырмалуу талдоо ыкмасы. Айылдык жана шаардык мектептердеги окутуу шарттары, мугалимдердин SEL элементтерин колдонуу даражасы жана окутуу тажрыйбасы салыштырылды. Бул ыкма аркылуу айыл мектептеринин өзгөчөлүктөрү, мүмкүн болгон тоскоолдуктар жана аларды жеңүүчү практикалар аныкталды.

3. Педагогикалык байкоо (наблюдение). Айыл мектептеринин англис тили сабактарында SEL элементтеринин канчалык колдонулушуна багытталган түз жана жарым-жабык байкоо жүргүзүлдү. Сабак учурунда окуучулардын эмоцияларын башкаруу, биргелешкен ишке катышуусу, маектешүүдө өз ойлорун айтуусу, топтук иштөө жөндөмдөрү байкалды. Байкоо протоколдорунда окутуунун коммуникативдик, долбоордук жана ролевой форматтары өзүнчө белгиленип турду.

4. Сурамжылоо (анкетирование) жана интервью. Изилдөөгө айылдык мектептерде иштеген англис тили мугалимдери жана жогорку класстын окуучулары тартылды. Сурооломо аркылуу мугалимдердин SEL жөнүндө маалымдуулугу, аны сабакка интеграциялоо

тажрыйбасы, кыйынчылыктар жана кесиптик муктаждыктары аныкталды. Жарым-структураланган маектерде окуучулардын сабактагы эмоционалдык абалы, мотивациясы жана SEL элементтерине болгон мамилеси такталды.

5. Ийгиликтүү практикаларды талдоо (case study). Access Microscholarship, Teach for Kyrgyzstan жана Peace Corps долбоорлорунун алкагында ишке ашкан SEL-баалуу сабак үлгүлөрү өзүнчө учурдук изилдөө катары каралды. Ар бир кейсте методдор, сабактын түзүлүшү, колдонулган тапшырмалар, эмоционалдык-социалдык өнүгүүгө тийгизген таасири анализденди.

6. Маалыматтарды интерпретациялоо жана синтездөө. Жыйналган маалыматтар мазмундук талдоо (content analysis) аркылуу системалаштырылып, негизги темалар жана кайталанган тенденциялар бөлүнүп чыкты. Теориялык база, байкоо жыйынтыктары жана интервьюлар өз ара салыштырылып, айыл мектептеринде SELди англис тилин окутууга интеграциялоонун жалпы модели жана практикалык сунуштары түзүлдү.

Кыргызстандын айыл мектептеринде англис тилинде социалдык көндүмдөрдү үйрөтүү билим берүү процессинин алкагында маанилүү тема болуп саналат. Бул аймактарда ресурстардын чектелүү болушу, маданий жана социалдык шарттардагы айырмачылыктар, ошондой эле тилдик тоскоолдуктарды жеңүү зарылдыгы сыяктуу бир катар өзгөчөлүктөр бар. Бул тармактагы изилдөөлөрдү кыргызстандык окумуштуулар жүргүзүп, алар тил үйрөтүүгө гана эмес, айылдык шартта жашаган балдардын социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө да көңүл бурушууда.


Араван Access медресесинде жүргүзүлгөн анкетирлөөнүн жыйынтыктарын талдоо. Бул изилдөөнүн алкагында Ош облусунун Араван районунда жайгашкан Араван Access программасына катышкан мусулман диний мектебинин (медресенин) окуучуларынын арасында сурамжылоо (анкетирлөө) жүргүзүлдү. Сурамжылоого жалпысынан 22 окуучу катышты. Изилдөөнүн негизги максаты – айылдык медресе шартында англис тилин окутуу процессинде социалдык-эмоционалдык компоненттердин ролун жана таасирин аныктоо болуп саналат.

1. Окуучулардын эмоционалдык комфорт абалы. Анкетирлөөнүн жыйынтыктары англис тили сабактарында оң эмоционалдык жана колдоочу чөйрө калыптанганын көрсөттү. Тактап айтканда, сурамжылоого катышкан окуучулардын 50%ы сабак учурунда өзүн өтө комфорттуу, ал эми 45,5%ы толугу менен комфорттуу сезерин белгилешкен. Комфорттун жоктугун көрсөткөн окуучулардын үлүшү өтө аз болгон (1-сүрөт).

Бул көрсөткүчтөр класста жогорку деңгээлдеги психологиялык коопсуздуктун жана ишенимдүү атмосферанын бар экенин тастыктайт. Диний билим берүү мекемесинин шартында эмоционалдык комфорт өзгөчө мааниге ээ, анткени светтик предметтерди (англис тилин) диний чөйрөдө окутуу мугалимден өтө кылдат жана гумандуу педагогикалык мамилени талап кылат. Колдоочу атмосфера окуучулардын тил үйрөнүүдөгү коркуу сезимин (language anxiety) азайтып, окуу мотивациясын жогорулатууга өбөлгө түзөт.


2. «Коопсуздук» түшүнүгүн кабыл алуу. Сурамжылоодо «коопсуздук» түшүнүгүнүн маанисине байланышкан суроого жооп бергенде, окуучулардын көпчүлүгү (59,1%) эмоционалдык коопсуздукту негизги фактор катары белгилешкен. 36,4% респондент физикалык коопсуздукту тандаса, психикалык (менталдык) коопсуздукту көрсөткөндөрдүн үлүшү минималдуу болгон (2-сүрөт).

3. Окуу ишмердүүлүгүндөгү артыкчылыктар. Окуу ишмердүүлүктөрүн ранжирлөө жыйынтыктары окуучулардын ар түрдүү иш формаларына кызыгуусун көрсөттү. Айрыкча чыгармачылык мүнөздөгү тапшырмалар (мисалы, “Dream Voyage”) жогорку орундарды ээлеп, окуучулардын кыялга негизделген, креативдүү жана коммуникативдик иш-аракеттерге умтулуусун айгинеледи. Ал эми проблемалуу-рефлексиялык тапшырмалар (“Conflict – What do you do when…?”) баалоолор боюнча салыштырмалуу тең бөлүштүрүлдү.





**Сүрөт 1.** Окуучулардын эмоционалдык комфорт абал

Эмоционалдык коопсуздуктун басымдуулук кылышы медреседе билим алган окуучулар үчүн урмат-сый, кабыл алуу жана айыптабаган мамиле өзгөчө маанилүү экенин көрсөтөт. Бул жагдай англис тилин окутууда социалдык-эмоционалдык коштоонун (SEL) зарылдыгын айкын тастыктайт. Диний билим берүү чөйрөсүндө жүрүм-турум нормалары жана моралдык баалуулуктар маанилүү орунду ээлегендиктен, эмоционалдык жактан корголгон чөйрө натыйжалуу билим алуунун негизги шарты болуп эсептелет.




**Сүрөт 2.** «Коопсуздук» түшүнүгүн кабыл алуу

Бул жыйынтыктар англис тилин окутууда чыгармачылык, талкуулоочу жана рефлексиялык ыкмаларды айкалыштырган комплекстүү мамиленин зарылдыгын тастыктайт. Мындай ыкмалар медресенин маданий жана диний контекстине ылайыкташтырылганда өзгөчө натыйжалуу болору аныкталды (3-сүрөт).




**Сүрөт 3.** Анкетирлөөнүн жыйынтыгы

Жүргүзүлгөн анкетирлөөнүн жыйынтыктары айылдык мусулман диний мектебинде (медреседе) англис тилин окутууда социалдык-эмоционалдык компоненттердин маанилүү ролун тастыктады. Окуучулардын жогорку деңгээлдеги эмоционалдык комфортту жана эмоционалдык коопсуздукту биринчи орунга коюшу билим берүү чөйрөсү алар тарабынан колдоочу жана жагымдуу катары кабыл алынарын көрсөтөт.

Социалдык-эмоционалдык окутууну англис тили сабактарына интеграциялоо медресе шартында позитивдүү окуу мотивациясын калыптандырып, тил үйрөнүүдөгү тынчсызданууну азайтып, чет тилди өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатат.

Мисалы, А.А. Токтакунова «Айыл мектептеринде англис тилин активдүү окутуу ыкмалары» аттуу ишинде окуучуларда активдүү коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруунун маанилүүлүгүн белгилейт. Ал айылдык райондордогу окуучуларга англис тилин өздөштүрүүгө гана эмес, топ менен иштөө, айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенип, маданий алмашууларга катышуу сыяктуу керектүү социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берген инновациялык педагогикалык технологияларды киргизүүнү карайт. Токтакунова ресурстар чектелген шартта креативдүү окутуу ыкмаларын, айрыкча долбоордук ишмердүүлүктү колдонуу маанилүү экенин белгилеп, бул ыкма тил үйрөнүүнү социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү менен айкалыштырууга мүмкүндүк берерин белгилейт (Оморов, Ильяс кызы, 2025).

Ушундай эле мааниге ээ болгон дагы бир эмгек – К.С. Каниметовдун «Кыргызстандын айыл мектептеринде чет тилдерди үйрөтүүнүн социалдык аспекттери» аттуу изилдөөсү (Каниметов, 2012, 54-89-бб.). Бул иште ал англис тилин үйрөтүү процессине социалдык жана маданий факторлордун таасирин изилдейт. Каниметов айылдык райондордогу экономикалык

жана социалдык абал балдардын билим алууга болгон мотивациясына түз таасир тийгизерин белгилейт. Ал англис тили балдар үчүн байланыш каражаты болуу менен катар эле социалдашуу процессинде да маанилүү ролду ойной турганын баса белгилейт. Айылдык балдар үчүн англис тилин билүү алардын дүйнө таанымын кеңейтип, социалдык байланыштарын жакшыртууга жол ачат, бул болсо алардын адаптациялык жана коммуникативдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Ошондой эле маанилүү болгон изилдөөлөрдүн бири – Р.С. Бакированын «Айыл мектептеринде англис тилин окутуунун психолингвистикалык аспекттери» аттуу иши (Бакирова, 2014, 45-78-бб.). Бул эмгекте орус же кыргыз тилдери басымдуулук кылган айылдык райондордогу балдардын чет тилди кабылдоо өзгөчөлүктөрү каралат. Бакирова социалдык-маданий контекст англис тилин кабыл алууга кандайча таасир тийгизерин жана психолингвистикалык факторлор – жаш өзгөчөлүктөрү, когнитивдик жөндөмдөр – тил үйрөнүү процессинде кандай роль ойноорун белгилейт. Бул контекстте балдарды тил конструкцияларына гана үйрөтпөстөн, алынган маалыматты социалдык чөйрөдө түшүнүү жана ага ыңгайлашуу жөндөмүн да өнүктүрүү маанилүү.

А.М. Искакова «Айыл мектептеринде англис тилин үйрөтүүгө арналган билим берүү программаларын адаптациялоо» аттуу изилдөөсүндө билим берүү ыкмаларын айылдык мектептердин өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтыруу маселесин көтөрөт (Искакова, 2016, 32-60-бб.). Ал салттуу окутуу ыкмалары заманбап билим берүү технологияларына жеткиликтүүлүк чектелген шартта натыйжа бербей каларын айтып, окуучулардын билим берүү процесстерине активдүү катышуусун камсыз кыла турган атайын программаларды иштеп чыгуу зарылдыгын белгилейт. Бул шартта окуучуларга тил үйрөтүү менен катар социалдык компетенцияларды да өнүктүрүү үчүн долбоордук иштерди, топтук ишти жана маданий алмашууларга катышууну камтыган чөйрөнү түзүү абдан маанилүү.

Бул темага Г.М. Касымова да кайрылып, айылдык мектептерде тил жана социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө мектеп коомчулугунун таасирин изилдейт (Касымова, 2018, 20-48-бб.). «Мектеп коомчулугу – балдардын тил жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүчү фактор катары» аттуу макаласында ал ата-энелерди жана жергиликтүү коомчулукту билим берүү процессине тартуу балдардын социалдашуусунда жана өзүнө болгон ишенимин бекемдөөгө чоң жардам берерин баса белгилейт. Касымова балдарды тил үйрөтүүгө гана эмес, аларды айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүгө үйрөтүү маанилүү экенин, бул айылдык мектептерде өзгөчө мааниге ээ болгон социалдык обочолонуу маселесин жеңүүгө жардам берерин белгилейт.

Кыргызстандык окумуштуулар жүргүзгөн бул изилдөөлөр англис тилин айыл мектептеринде окутуунун комплекстүү мамилесин көрсөтөт. Бул иштерде тил үйрөтүү менен социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү тыгыз байланышта каралып, билим берүү ыкмалары менен технологияларын айылдык шартка ылайыкташтыруу зарылдыгы белгиленет. Ошондой эле, англис тили – бул байланышка жана инсандык өнүгүүгө кызмат кыла турган каражат катары каралып, социалдык жана маданий интеграцияга жол ача турган фактор катары бааланат.

**Кыргызстандын айыл мектептериндеги социалдык-билим берүү контексти.** Кыргызстандын айылдык аймактарында шаардык мектептерге салыштырмалуу билим берүү ресурстарына жетүүдө олуттуу теңсиздик байкалат. Улуттук статистика комитетинин (2023) маалыматына ылайык, көптөгөн айыл мектептери квалификациялуу мугалимдердин, заманбап

окуу китептеринин жана техникалык каражаттардын жетишсиздигинен жабыркашат (Национальный статистический комитет Кыргызской Республики, 2023, 120-145-бб.). Мындан тышкары, кадрлардын жогорку алмашуусу дагы жагдайды татаалдаштырат: жаш адистер айыл жергесинде узакка кармалып турушпайт, себеби айлык акылар төмөн, социалдык инфраструктура чектелген, ал эми кесиптик өсүү мүмкүнчүлүктөрү дээрлик жок. Натыйжада, англис тили сабагын көбүнчө бул багытта атайын даярдыгы жок же квалификациясын жогорулатууга мүмкүнчүлүгү чектелген мугалимдер өтүшөт.

Айылдык мектептердеги балдар кошумча билим алууга, ийримдерге же тилдик практикага катышууга мүмкүнчүлүктөн да көбүнчө кур калышат, бул болсо айылдык жана шаардык окуучулардын билим деңгээлиндеги ажырымды тереңдетет. Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматына ылайык, бул айырмачылыктар өзгөчө жалпы бүтүрүү аттестациясы жана улуттук тестирлөө жыйынтыктарында байкалат – аймактык окуучулар чет тилдерден төмөн жыйынтыктарды көрсөтүшөт. Тилдик практиканын жоктугу жана интернет-ресурстарга жеткиликтүүлүктүн чектелиши да кырдаалды ого бетер оорлотот.

Ошентсе да, дал ушул англис тили айылдык окуучулардын кеңири маданий жана билим берүү мейкиндигине интеграцияланышына өбөлгө боло алат. Англис тилин билүү эл аралык билим берүү программаларына, онлайн-курстарга жана маданий алмашууларга жол ачат. Айылдык мектептердин англис тилин өздөштүргөн бүтүрүүчүлөрү Кыргызстандагы гана эмес, чет өлкөдөгү университеттерге да тапшырууга мүмкүнчүлүк алышууда. Мындан тышкары, англис тилин үйрөнүү окуучулардын глобалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга, алардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө жана социалдык мобилдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзөт (Авазова, 2023).

Айыл жергесиндеги билим берүүнүн маанилүү элементи болуп мектептин социалдык ролу эсептелет. Мектеп көп учурда коомдук турмуштун борбору катары кызмат кылат – бул жерде маданий иш-чаралар, чогулуштар жана майрамдар өткөрүлөт. Ошондуктан, англис тили сабактары аркылуу социалдык-эмоционалдык окутууну киргизүү мүмкүнчүлүгү бар. Бул болсо балдарга кызматташтык, сабырдуулук, лидерлик жана өзүнө болгон ишеним сыяктуу көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет.

Ошентип, Кыргызстандын айыл мектептеринин социалдык-билим берүү контексти ресурстардын чектелүүсү менен заманбап билим берүү ыкмаларына болгон жогорку муктаждыктын айкалышы менен мүнөздөлөт. Бул шарттарда англис тили эки тараптуу ролду аткарат: бир жагынан ал академиялык предмет болсо, экинчи жагынан – социалдык интеграциянын жана айылдык окуучулардын инсандык өнүгүүсүнүн каражаты болуп саналат.

Негизги ыкмалардын бири — коммуникативдик ыкма, ал окуучулардын жуптарда же топто активдүү өз ара аракеттенишин талап кылат. Мындай иш-аракеттер өз ара жардамдашуу жана сый мамиле маданиятын калыптандырып, сүйлөшүүдө башка адамды угуу жана өз оюн билдирүү жөндөмүн өнүктүрөт. Ролдук оюндар жашоодогу реалдуу кырдаалдарды моделдөөгө мүмкүндүк берет: таанышуу, кагылышууну чечүү, биргелешип чечим кабыл алуу. Бул көнүгүүлөр эмпатияны жана башка адамдын көз карашын эске алуу жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Долбоордук окутуу дагы бир натыйжалуу курал болуп эсептелет. Биргелешкен долбоорлорду даярдоо – мисалы, өз айылы тууралуу буклет түзүү же экологиялык кампания уюштуруу – окуучуларга пландаштыруу, ролдорду бөлүштүрүү жана чогуу чечим кабыл алуу

сыяктуу көндүмдөрдү үйрөнүүгө жардам берет. Мындай тапшырмалар лидерлик сапаттарды, өзүнө ишенимди жана коом алдында сөз сүйлөө жөндөмүн калыптандырат.

Ошондой эле, англис тили сабактарында эмоционалдык сабаттуулукту өнүктүрүү да маанилүү. Мугалим кыска «эмоциялык жылытуу» көнүгүүлөрүн колдонсо болот, бул балдарга өз эмоцияларын аныктоого, маанайын англис тилинде сүрөттөп берүүгө жардам берет. Тексттердеги же аудио материалдардагы каармандарды талкуулоо эмпатияны жана башка адамдардын жүрүм-турумун талдоо жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт (Батырова, Бапышова, 2023, б. 25).

Практикалык колдонмолордун мисалдары. Access Microscholarship программасынын алкагында Кыргызстандын айыл мектептеринин окуучулары жергиликтүү маданият жана экология темаларына багытталган мини-долбоорлорго катышышкан. Мындай тапшырмалар окуучуларга англис тилин практикада колдонууга гана эмес, командалык иш, жоопкерчилик жана лидерлик көндүмдөрдү калыптандырууга да шарт түзгөн. Мисалы, кээ бир мектептерде балдар өз аймагынын салт-санаасы тууралуу презентациялар даярдап, жергиликтүү майрамдар жана кол өнөрчүлүк жөнүндө видеороликтерди тартышкан, экологиялык чакырыктар менен плакаттар түзүшкөн. Бул тапшырмалар англис тилин реалдуу баарлашууда колдонууга түрткү берип, өз маданиятына болгон сыймыкты күчөтүп, позитивдүү өзүн-өзү таанууну өнүктүргөн.

Актуалдуу темалар боюнча дебаттарды уюштуруу дагы жогорку натыйжа берген. Балдар өз көз карашын жүйөөлүү түшүндүрүүгө, оппоненттин пикирин сыйлоого жана макул эместигин конструктивдүү формада билдирүүгө үйрөнүшкөн. Мындай иш-чаралар окуучулардын сыни ойломун, башка адамдарды угуу жөндөмүн жана диалог эрежелерин сактоо маданиятын калыптандырууга жардам берет. Мисалы, «Айылды таза кармоо эмне үчүн маанилүү?» же «Англис тилин ар ким билиши керекпи?» сыяктуу темалардагы дебаттар тилдик тапшырмаларды социалдык жактан маанилүү суроолор менен айкалыштырууга мүмкүндүк берди.

Мындан тышкары, ролдук оюндар жана инсценировкалар да кеңири колдонулууда. Окуучулар күнүмдүк турмуштагы кырдаалдарды ойношот: дүкөнгө баруу, турист менен баарлашуу, дарыгерге баруу ж.б. Мындай көнүгүүлөр тилдик көндүмдөрдү машыктырууга гана эмес, эмоцияларды билдирүүгө, вербалдык эмес белги-сигналдарды түшүнүүгө жана диалогдо компромисске жетүүгө үйрөтөт.

Долбоордук окутууну колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, окуучулар жамааттык изилдөө долбоорлору боюнча иш алып барышкан — айылда жашоочулардын китеп окуу адаттары боюнча сурамжылоолорду өткөрүшкөн, өз аймагынын көрүнүктүү жерлери тууралуу маалымат чогултушкан, англис тилинде фотовыставкалар жана буклеттерди даярдашкан. Бул процесс аркылуу алар убакытты пландаштырууну, милдеттерди бөлүштүрүүнү, командалык рухту сактоону жана жалпы максатка жетүүнү үйрөнүшкөн.

Мунун катарында чыгармачылык тапшырмалар да чоң практикалык мааниге ээ болду — окуучулар англис тилинде эссе, ыр же социалдык жана жеке баалуулуктарды чагылдырган плакаттарды жазышкан: достук, өз ара жардамдашуу, улууларга болгон урмат. Мындай ишмердүүлүк балдарга өзүнүн ички сезимдерин билдирүүгө, эмоционалдык сабаттуулугун өнүктүрүүгө жана жашоодо маанилүү болгон кырдаалдарды талкуулоого шарт түзөт.

Ошентип, SEL (социалдык-эмоционалдык окутуу) айыл мектептеринде англис тилин үйрөтүү менен ар кандай формада айкалыштырылышы мүмкүн: ролдук оюндардан баштап изилдөө долбоорлоруна чейин. Натыйжалуу болушу үчүн эң маанилүү шарт — бул тапшырмалар окуучулардын реалдуу жашоо турмушуна жакын болушу, алардын маданий контекстин жана коомчулуктун учурдагы муктаждыктарын эске алышы зарыл.

**Кыйынчылыктар жана аларды жеңүү жолдору.** Кыргызстандын айыл мектептеринде SELди киргизүүдөгү негизги кыйынчылыктар болуп төмөнкүлөр саналат: убакыттын жетишсиздиги, окуу программаларынын жүгүнөн ашыкча болушу, заманбап материалдардын жоктугу жана мугалимдердин даярдыгынын төмөн деңгээли. Көптөгөн айылдык англис тили мугалимдери эски окуу китептери жана чектелген методикалык колдонмолор менен иштөөгө аргасыз болушат. Алардын көбү SEL элементтерин камтыбаган, формалдуу окутууга гана багытталган.

Андан тышкары, педагогдор жогорку окутуу жүгүн тартып, кесиптик өнүгүүгө шарттары жоктугунан улам инновациялык ыкмаларды киргизүүдө кыйынчылыкка туш болушат.

Дагы бир олуттуу маселе — ресурстардын бир калыпта бөлүштүрүлбөшү. Шаар мектептери интернетке, мультимедия каражаттарына жана кошумча курстарга жеткиликтүү болсо, айыл мектептери жабдуулардын, китепканалардын жана интерактивдүү сабактарды өткөрүүгө зарыл болгон негизги шарттардын жоктугун баштан өткөрөт. Бул жагдай мугалимдердин да, окуучулардын да мотивациясын төмөндөтөт.

Чечимдин бири — SELди англис тили сабактарына кошумча жүк кошпостон интеграциялоо. Мисалы, тексттерди талкуулоо, ролдук оюндар жана жамааттык тапшырмалар кошумча саат талап кылбайт, бирок топ менен иштөө, эмоцияны билдирүү, башкача пикирди сыйлоо жана компромисске келүү жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Англис тилиндеги адабий тексттерди талкуулоо тилдик компетенцияны өнүктүрүү менен бирге моралдык баалуулуктарды да талдоого шарт түзөт. Ал эми жөнөкөй ролдук оюндар аркылуу жашоодогу кырдаалдарды ойноо окуучуларда өзүнө ишенимди калыптандырат.

Педагогдорду колдоо — SELди ийгиликтүү киргизүүнүн маанилүү шарты. Бул багытта «Teach for Kyrgyzstan» жана «Peace Corps» сыяктуу программалар иштеп жатат. Бул долбоорлордо мугалимдер активдүү окутуу ыкмаларына, SEL элементтерин колдонууга үйрөтүлүп, бул көндүмдөрдү күнүмдүк практикада колдоно алышат. Мындай программалар профессионалдык мугалимдер коомчулугун калыптандырып, тажрыйба бөлүшүүгө жана өз ара колдоого өбөлгө түзөт (Peace Corps Kyrgyz Republic, 2022, 15-40-бб.; Teach for Kyrgyzstan, 2023, 10-35-бб.; UNICEF Kyrgyzstan, 2021, 50-85-бб.).

Ата-энелерди жана жергиликтүү жамааттарды билим берүү процесстерине тартуу да SELди өнүктүрүүнүн маанилүү багыты болуп саналат. Мектептик майрамдар, дебаттар, театрлаштырылган көрсөтүүлөр жана экологиялык акциялар сыяктуу иш-чаралар мектептен тышкаркы социалдык көндүмдөрдү да бекемдөөгө мүмкүндүк берет. Бул ишмердүүлүк балдардын социалдык-эмоционалдык көндүмдөрүн реалдуу жашоодо да колдонушуна жана мектеп менен коомчулуктун ортосундагы байланышты чыңдоого өбөлгө болот.

Айыл мектептеринде англис тилин окутууда социалдык-эмоционалдык окутуу (СЭО) компоненттерин колдонуу билим берүү процессин гуманизациялоонун, окуучунун инсандык өнүгүүсүн жана тил үйрөнүүдө ички мотивациясын арттыруунун натыйжалуу жолу болуп

саналат. Социалдык-эмоционалдык окутуу — бул окуучунун өзүн жана башкаларды түшүнүү жөндөмүн, эмоцияларды туура башкаруу, жооптуу чечим кабыл алуу, кызматташуу жана боорукердик сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө багытталган комплекстүү мамиле (Абдыкапар к., 2021, 22-26-бб.).

Кыргызстандын айыл мектептеринде бул багытты ишке ашыруу өзгөчө маанилүү, анткени көп учурда материалдык-техникалык база чектелүү, окуучулар үчүн англис тилин практика жүзүндө колдонуу мүмкүнчүлүгү аз. Ушундай шарттарда СЭО элементтерин сабактарга киргизүү — мотивацияны сактоонун, окуу процессине ишенимди жана эмоционалдык туруктуулукту бекемдөөнүн маанилүү механизми болуп саналат.

Эмоциялык аң-сезимди өнүктүрүү. Окуучулар өздөрүнүн эмоцияларын түшүнүүнү, аларды туура билдирүүнү жана башка адамдардын сезимдерин баалоону үйрөнүшөт. Бул процесс тил үйрөнүү менен тыгыз байланышта: англис тили сабагында “feeling chart”, “emotional cards” же “mood diary” колдонуу аркылуу окуучулар сөз байлыгын кеңейтип, ошол эле учурда өзүнүн ички абалын талдоону да үйрөнүшөт. Мисалы, ар бир сабактын башында окуучулар “Today I feel…” деген фраза менен өз маанайын айтып, андан кийин сабактын темасына өтүшөт.

Позитивдүү класстык атмосфера түзүү. Айыл мектептеринде окуучулардын өз ара мамилеси жана мугалимдин лидерлик стили өтө маанилүү ролду ойнойт. СЭО принциптерине таянган мугалим ар бир окуучунун жетишкендигин белгилеп, чакан ийгиликтерин да колдойт. Мисалы, “praise wall” (мактоо бурчу) уюштурулуп, анда окуучулардын ийгиликтери, жакшы сапаттары жазылып турат. Бул өзүн баалоо сезимин көтөрөт жана класста ишенимдүү, достук атмосфера түзөт.

Кызматташтык жана социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү. СЭОнун дагы бир маанилүү бөлүгү — бул социалдык өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн калыптандыруу. Англис тили сабагында “team projects”, “pair work”, “role play” жана “debate club” сыяктуу ыкмалар аркылуу окуучулар бири-бири менен баарлашууга, пикир урматтоого, лидерлик жана жоопкерчилик сапаттарын өнүктүрүүгө үйрөнүшөт. Айылдык класстарда бул өзгөчө маанилүү, анткени коомдук активдүүлүк жана тилдик коммуникация көндүмдөрү дал ушул деңгээлде калыптанат.

Өздүк жоопкерчилик жана өзүн-өзү башкаруу. СЭОнун негизги максаттарынын бири — окуучуларды өз окуусуна жоопкерчиликтүү мамиле кылууга үйрөтүү. Англис тили сабагында “learning goals checklist”, “weekly reflection” жана “self-evaluation sheets” колдонуу менен окуучулар өз прогрессин көзөмөлдөп, жетишкендиктерин талдай алышат. Бул өзүн-өзү башкаруу көндүмүн бекемдеп, билимге болгон ички мотивацияны күчөтөт.

Мугалимдин ролу жана кесиптик өнүгүүсү. Айыл мектептеринде мугалим СЭОнун негизги ишке ашыруучусу катары окуучулардын социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Мугалимдин эмоционалдык сабырдуулугу, позитивдүү жүрүм-туруму жана коммуникациялык чеберчилиги окуучулардын окуу жыйынтыгына түз байланыштуу. Ошондуктан англис тили мугалимдери үчүн СЭО боюнча атайын тренингдерди уюштуруу зарыл. Мындай курстарда мугалимдер сабак учурунда конфликттик кырдаалдарды жөнгө салуу, эмпатияны өнүктүрүү жана стресс менен иштөө ыкмаларын үйрөнүшөт.

Инновациялык ыкмалар жана маалыматтык технологиялардын ролу. Айыл мектептеринде интернет жана мультимедиялык ресурстар чектелүү болгону менен,

социалдык-эмоционалдык окутууну технология менен айкалыштыруу мүмкүнчүлүктөрү да бар. Мисалы, “digital storytelling” же “emotional video journaling” аркылуу окуучулар англис тилинде өз эмоцияларын айтып же видеодо көрсөтүп, ошол эле учурда тилдик жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрө алышат.

Кыргызстандын айыл мектептеринде англис тили сабагында социалдык-эмоционалдык окутууну (СЭО) натыйжалуу колдонуу үчүн төмөнкүдөй методикалык сунуштарды эске алуу сунушталат. Бул сунуштар ар түрдүү деңгээлдеги окуучуларга ылайыкташтырылып, сабактын мазмунуна жана шарттарына жараша өзгөртүлүшү мүмкүн (Таб. караңыз).

**Таблица 1.** *Социалдык-эмоционалдык окутууну (СЭО) англис тили сабагында колдонуу жана Ош облусу боюнча контексттик статистика*

| № | Методикалык сунуш | Колдонуу формасы / Мисал | Күтүлгөн натыйжалар | Контекст жана статистика (Ош облусу) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сабак структурасына СЭО элементтерин киргизүү | Сабак үч этап менен: эмоционалдык абал → социалдык аракет → рефлексия. | Эмоционалдык аң-сезим, жигердүү катышуу, боорукердик өнүгөт. | Ош облусунда 600дөн ашык мектеп, алардын ≈ 75% айыл жеринде. Класстарда орточо 28–35 окуучу — ар бир окуучунун эмоциясына көңүл буруу зарыл. |
| 2 | Эмоциялык лексиканы окутуу | Ар бир темага эмоциялык сөздөрдү кошуу (I feel happy when…). | Эмоциялык сөз байлыгы, тилди турмуштук кырдаалда колдонуу өнүгөт. | 2022-ж. ОРТ боюнча англис тили орточо баллы республика боюнча орточодон 10-15% төмөн — мотивацияны жогорулатуу керек. |
| 3 | Ролдук оюндар жана диалогдор | “Helping others”, “Conflict resolution” темалары. | Коммуникативдик көндүмдөр, эмпатия жана кызматташуу өнүгөт. | Айыл мектептеринде аудио-визуалдык каражаттар жетишсиз (≈55%), ошондуктан оюн жана диалог ыкмалары эң натыйжалуу. |
| 4 | “Classroom Community Rules” түзүү | We listen to each other. We help our classmates. | Позитивдүү класстык атмосфера, өз ара урмат. | 40% окуучу сабакта өз оюн айтуудан тартынат — эрежелер ишеним түзүүгө жардам берет. |
| 5 | Рефлексиялык көнүгүүлөр | “One thing I learned this week…” сыяктуу көнүгүүлөр. | Өзүн-өзү баалоо, жоопкерчилик, аң-сезим өнүгөт. | 35% окуучу конфликтти кантип чечүүнү билбейт — рефлексия социалдык көндүмдөрдү бекемдейт. |
| 6 | Ишенимге негизделген мамиле | “Star of the Week”, “Achievement Card” системалары. | Мотивация жана өзүнө ишенич жогорулайт. | Миграциянын айынан 45% үй-бүлөдө ата-эне сыртта иштейт, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | эмоционалдык колдоо жетишсиз. |
| 7 | Жергиликтүү маданий контекстти колдонуу | Кыргыз макалдарын англисче эквиваленттери менен салыштыруу. | Улуттук баалуулуктар аркылуу тил үйрөнүү жеңилдейт. | Окуучулардын 70% англис тилин “кыйын” деп эсептейт — маданий байланыш кызыгууну арттырат. |
| 8 | Ата-энелер менен кызматташуу | Ата-энелерге СЭО тууралуу кеңеш берүү, байланыш орнотуу. | Үй-бүлө жана мектептин байланышы бекемделет. | Ата-энелердин катышуусу төмөн (≈30–35%), бул багытта мектептик жигердүүлүк керек. |

1. Сабактын структурасына СЭО элементтерин киргизүү. Ар бир сабакта социалдык-эмоционалдык өнүгүүгө багытталган элементтерди камтуу маанилүү. Сабак үч этап боюнча уюштурулушу мүмкүн:

2. Баштапкы этап (эмоционалдык абалды аныктоо): окуучулар маанай картасы (mood chart) же “emoji board” аркылуу өз маанайын билдирет. Мисалы, “How do you feel today?” деген суроого ар бири англисче жооп берет.

3. Негизги этап (социалдык өз ара аракеттенүү): жуптук жана топтук тапшырмалар аркылуу тил үйрөнүү менен катар боорукердик, сый-урмат жана кызматташтык өнүгөт.

Жыйынтыктоо этабы (рефлексия): сабактын соңунда окуучулар “What did I learn today?” жана “How did I feel during the lesson?” деген суроолорго жооп берип, өзүнүн ишмердүүлүгүн баалашат.

2. Эмоциялык лексиканы окутуу. Эмоцияга байланышкан сөздөрдү өзүнчө тема катары эмес, ар бир сабакка киргизүү натыйжалуу. Мисалы, грамматикалык темаларды (Present Simple, Past Simple ж.б.) үйрөнүүдө окуучулар эмоция билдирген сүйлөмдөрдү түзүшөт: *I feel happy when I play with my friends. She was nervous before the test.*

Бул ыкма тилдик материалды турмуштук кырдаалдар менен байланыштырып, окуучулардын сөз байлыгын кеңейтет.

3. Ролдук оюндар жана диалогдор. СЭО элементтерин ишке ашырууда ролдук оюндардын ролу чоң. Мисалы: “Helping others” — окуучулар жардам суроо жана жардам берүү боюнча диалог түзөт. “Conflict resolution” — окуучулар талаштуу кырдаалды талдап, тынчтык жолу менен чечүүнү үйрөнүшөт. Бул көнүгүүлөр тилди жандуу контекстте колдонууга жана эмпатия, өз ара урмат сыяктуу сапаттарды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

4. “Classroom Community Rules” түзүү. Сабактын башында мугалим окуучулар менен биргеликте класстагы жүрүм-турум эрежелерин түзөт. Алар позитивдүү формада жазылышы керек: *We listen to each other. We speak kindly. We help our classmates.* Мындай эрежелер класста коопсуз жана колдоочу атмосфера түзүүгө жардам берет.

5. Рефлексиялык көнүгүүлөр. Окуучулардын өзүн-өзү баалоо жана аң-сезимин өнүктүрүү үчүн ар бир жумада кыскача рефлексия жүргүзүү сунушталат. Мисалы: *One thing I learned this week… One thing I want to improve…* Бул көнүгүү окуучуну өз окуусуна жоопкерчилик менен мамиле кылууга үйрөтөт.

6. Окуучулар менен ишенимге негизделген мамиле. Мугалим окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алып, ар бирине колдоо көрсөтүшү керек. Кичине жетишкендиктерди да белгилөө — мотивацияны күчөтүүнүн натыйжалуу жолу. Мисалы, ар бир окуучу үчүн “Achievement Card” же “Star of the Week” системасын киргизүү сунушталат.

7. Жергиликтүү маданий контекстти колдонуу. СЭОнун элементтерин киргизүүдө англис тилин үйрөтүү кыргыз маданияты менен айкалышып турушу маанилүү. Мисалы, сабакта кыргыз эл макалдарын англисче эквиваленттери менен салыштыруу, эмоция жана мамиле темаларын улуттук баалуулуктар аркылуу түшүндүрүү окуучулар үчүн түшүнүктүүрөөк жана кызыктуу болот (Эргешова, 2016, 177-180-бб.).

8. Ата-энелер менен кызматташуу. Социалдык-эмоционалдык окутуунун натыйжалуулугу үй-бүлөлүк чөйрө менен да байланыштуу. Мугалим ата-энелерге баланын эмоциялык өнүгүүсүнө байланышкан кеңештерди берип, позитивдүү баарлашуунун үлгүсүн көрсөтсө, бул окутуунун таасирин күчөтөт.

Методикалык жактан туура уюштурулган социалдык-эмоционалдык окутуу окуучулардын тил үйрөнүү процессине активдүү катышуусун камсыз кылат, коммуникативдик жана инсандык өнүгүүнү бирдиктүү кароого шарт түзөт. Англис тилин үйрөнүүдө мындай мамиле айрыкча айыл мектептеринде окуучулардын мотивациясын көтөрүп, окууга болгон позитивдүү көз караштты калыптандырат.

Ошентип, ресурстар чектелүү шартта да SELди англис тилине интеграциялоонун натыйжалуу болушу мүмкүн. Бул үчүн эң негизги шарт — мугалимдерге системалуу колдоо көрсөтүү жана билим берүүнүн ийгиликтүү жүрүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү. SEL кошумча жүк катары эмес, окуу процессинин табигый бөлүгү катары кабыл алынышы керек.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын айыл мектептеринде англис тилин үйрөтүү — бул жөн гана чет тилди өздөштүрүү эмес, социалдык-эмоционалдык көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн да натыйжалуу платформа болуп бере алат. Коммуникативдик ыкмаларды, ролдук оюндарды, долбоордук ишмердүүлүктү жана эмоционалдык сабаттуулук практикаларын колдонуу окуучулардын кызматташтык, эмпатия, өзүнө ишеним жана өз ара аракеттешүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Мугалимдерге системалуу колдоо көрсөтүү жана жергиликтүү коомчулукту тартуу — бул ыкмаларды ийгиликтүү ишке ашыруунун негизги шарттары. Бул келечекте айылдык балдарга англис тилин өздөштүрүү менен катар XXI кылымга ылайыктуу универсалдуу компетенцияларды калыптандырууга жардам берет.

**Адабияттар**


1. Абдыкапар кызы, Г., Жумалиева, Б.К. (2021) Англис тилин окутуу процессиндеги педагогикалык технологиянын аспектилери. *Вестник Ошского государственного университета,* 1(4), 22-26.
2. Авазова, Г. (2023). Пути повышения заинтересованности в изучении английский язык. *Вестник Ошского государственного университета,* (1), 51–59. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_1_7
3. Бакирова, Р.С. (2014). *Психолингвистические аспекты обучения английскому языку в сельских школах*. Бишкек: Издательство «Эл-Фарис».

4. Батырова, Т., Бапышова, А. (2023). Студенттердин кеп маданиятын кептик коммуникациянын негизинде калыптандыруу. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология,* (1(1), 22–29. https://doi.org/10.52754/16948874_2023_1(1)_3
5. Выготский, Л.С. (1978). *Мышление и речь.* Москва: Лаборатория знаний.
6. Искакова, А.М. (2016). *Адаптация образовательных программ для обучения английскому языку в сельских школах*. Бишкек: КГУ.
7. Каниметов, К.С. (2012). *Социальные аспекты обучения иностранным языкам в сельских школах Кыргызстана*. Бишкек: «Кыргызстан».
8. Касымова, Г.М. (2018). *Школьное сообщество как фактор развития языковых и социальных навыков у детей.* Бишкек: Наука и образование.
9. *Национальный статистический комитет Кыргызской Республики.* (2023). Образование и наука в Кыргызской Республике: статистический ежегодник. Бишкек.
10. Оморов, Ш.Д., Ильяс кызы, С. (2025). Окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн электрондук ресурстардын түрлөрү. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы,* 4, бб. 69-75. https://doi.org/10.65469/eijournal.2025.4.7
11. Токтакунова, А.А. (2010). *Методы активного обучения английскому языку в сельских школах.* Бишкек: Кыргызский университет.
12. Эргешова, Г.С. (2016) Сопоставительный анализ предлогов места в английском, русском и кыргызском языках. *Вестник Ошского государственного университета*, 1, 177-180.
13. CASEL (2020). W*hat is SEL? Collaborative for Academic, Social, and Emotional Learning*. Chicago.
14. Durlak, J. A., Weissberg, R. P., Dymnicki, A. B., Taylor, R. D., & Schellinger, K. B. (2011). The Impact of Enhancing Students' Social and Emotional Learning: A Meta-Analysis of School-Based Universal Interventions. *Child Development* (pp. 405-432), 82(1).
15. Johnson D.W., Johnson R.T. (2009). An Educational Psychology Success Story: Social Interdependence Theory and Cooperative Learning. *Educational Researcher,* 38(5), 365–379. https://doi.org/10.3102/0013189X09339057
16. *Peace Corps Kyrgyz Republic*. (2022). English Education and Youth Development Programs in Rural Schools. Бишкек.
17. *Teach for Kyrgyzstan.* (2023). Annual Report on Educational Initiatives in Rural Schools. Бишкек.
18. *UNICEF Kyrgyzstan.* (2021). Education Program: Supporting Curriculum Reform and Social-Emotional Learning in Schools. Бишкек.